“БЕКИТЕМИН”
Ош мамлекеттик университетинин ректору, филология илимдеринин доктору, профессор К.А.Исаков
_______________
“11” 03 _______________ 2019- ж.

**Муратова Айнура Муратовнанын “Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары” аттуу темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме – Ош мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын**

**П И К И Р И**

**1. Изилдөө темасынын актуалдуулугу** мектепке чейинки билим берүү мекемелерине тарбиячыларды даярдоодо алардын кесиптик компетенцияларын толук кандуу калыптандыруу, о.э. алардын бала бакчада музыкалык тарбия берүү боюнча теориялык жана практикалык билим-билгичтиктерин калыптандыруу зарылчылыктары менен шартталган. Ушундан улам биринчиден, мектепке чейинки педагогдорду кесиптик жактан даярдоо процессинде улуттук музыканын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн эске алынбагандыгы, экинчиден мектепке чейинки педагогдордун бала бакчада улуттук музыканын үлгүлөрүн колдонуп, иш алып барууга даярдыгынын жетишсиздиги о.э. бала бакчада балдардын эстетикалык табитин калыптандырып, элдик музыка аркылуу кыргыз элинин улуттук маданияты менен тааныштыруу талаптарынын ишке али жетиштүү деңгелде иш жүзөгө ашырыла электиги дагы да болсо чечилбеген түйүн бойдон калууда.

А.М. Муратованын изилдөөсү дал ушул багытта, т.а. мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоого багытталган.

Анткени, улуттук музыка - элдин кулк мүнөзүн, жашоо шартын, салт-санаасын, өзгөчө чагылдырган этнопедагогиканын негизги каражаттарынын бири. Улуттук музыканын баалуулуктары мектепке чейинки педагогдордун педагогикалык ишмердүүлүгүндө, чыгармачылыкка, профессионалдуулукка шыктандыруучу баалуу каражат. Ошондой эле улуттук музыканын баалуулуктарын мектепке чейинки педагогдордун окуу процессинде тааныштырып, билимдерин байытуу, ал аркылуу кесиптик жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу, чыгармачылыгынын өнүгүшүнө шарт түзүп, этномаданиятка багыттап окутуу алардын кесиптик компетенттүүлүгүнүнүн калыптануусуна чон таяныч.

Ушул позициядан алып караганда изденүүчүнүн диссертациялык ишинин **актуалдуулугу** эч кандай шек туудурбайт.

**2. Коргоого коюлган илимий жоболордун, сунуштардын негизделүү даражасы.**

Изденүүчү изилдөө проблемасы боюнча илимий булактарга педагогикалык, психологиялык, музыкалык адабияттарга анализ жасап, алдыңкы окумуштуулардын жана окутуучулардын тажрыйбаларына, кыргыз улуттук музыкалык маданиятынын стилдик жана жанрдык өзгөчөлүктөрүн талдоодо улуттук музыканын үлгүлөрүн эл оозунан жыйнап, аларды нотага түшүрүп, системалаштырган музыка таануучу-изилдөөчүлөрдүн эмгекгерине таяган. Ошону менен бирге кыргыз улуттук музыкасы боюнча маалыматтарды тактоодо кыргыз элинин тарыхын жана адабиятын изилдеген илимий маалыматтарга, изилдөөлөргө кайрылган.

Ошондой эле изденүүчү мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууда өз ара бири-бири менен тыгыз байланыштагы бир нече аксиологиялык, когнитивдик, эмоционалдык, практикалык, рефлексивдик сыяктуу компоненттерди негиз туткан.

Демек, А.М. Муратова мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкадагы этнопедагогиканын осуяттарын окуп-үйрөнүп, билим, билгичтиктери менен бала бакчада балдардын адеп-ахлактык, этномаданий, этнопедагогикалык,

этнопсихологиялык көз караштарын камсыз кылганга; көркөм-эстетикалык табиттерин калыптандырууга, тарбиянын маани-мазмунун билгенге, педагогикалык технологиялар менен иш алып барууга даяр болушу сыяктуу критерийлерин аныктаган.

Диссертант коюлган максат милдеттерди чечүүдө кесиптик жана илимий теориялык, метологиялык жактан даярдыгынын жеткилең экендигин көрсөтө алган. Изилдөөнүн максаты менен натыйжаларынын ортосунда тыкыр ички логикалык биримдик камсыз кылынган. Изилдөөнүн милдеттери, коргоого коюлган жоболор, кортундулар түгөлү менен анын мазмунуна дал келет.

**3. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык изилдөөдө Кыргыз Республикасынын ЖАКнын кандидаттык окумуштуулук даражаны ыйгаруу боюнча жоболоруна шайкеш А.М.Муратова тарабынан төмөнкүдөй жаңы илимий натыйжалар алынган:

✓ Улуттук музыканын орду, мектепке чейинки педагогдорго билим берүүнүн компоненти катары ачылып көрсөтүлгөн;

✓ мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмуну, критерийлери, деңгээлдери жана педагогикалык шарттары аныкталган;

✓ педагогикалык шарттар аркылуу мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыктыруунун натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилип практикалык сунуштар берилген.

**4. Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Изденүүчү А.М.Муратованын “Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары” деген темадагы кандидаттык диссертациясында көрсөтүлгөн натыйжалар Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячыларын даярдоонун теориясы боюнча илимий билимдердин өнүгүшүнө олуттуу салым кошот деп эсептөөгө болот.

Мектепке чейинки педагогдорго билим берүү процессинде талдоого алынган улуттук музыканын орду; аныкталган улуттук музыкага кызыктыруунун педагогикалык шарттары; сунуш кылынган тапшырмалар системасы, тесттер, кроссворддор аркылуу улуттук музыкага кызыктырууну окуу процессинде ишке ашыруунун технологиялары, окуу-иш планы, типтуу программа, иштелип чыккан ОМКтер бул адистикте иштеген педагогдордун кесиптик компетенцияларын баалоодо кошумча инструмент катары эсептөөгө болот.

Алынган натыйжалар ички биримдикке жана логикалык ырааттуулукка ээ. Практикалык сунуштар текшерилген теориялык жоболорго негизделген. Диссертация Кыргызстанда бул проблемага арналган эң алгачкы жаңы изилдөөлөрдүн катарына кирет.

**5. Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштар.**

Диссертацияда берилген практикалык сунуштар, көрсөтүлгөн натыйжалар, изилдөөдөн алынган теориялык жоболор, "Эстетикалык билим берүү (музыка)" курсу боюнча улуттук музыканы камтыган типтүү программа, ОМК, тапшырмалар сиситемасы, тесттер мектепке чейинки билим берүү адистигинде окутан педагогдор үчүн колдонулса болот. Изилдөөнүн жүрүшүндө түзүлгөн улуттук музыканын үлгүлөрүн камтыган "Ырда, бөбөк" ноталык хрестоматия мектепке чейинки педагогдорду даярдоодо колдонууга сунушталган. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун критерийлери, компоненттери мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууда негиз боло алат.

Эксперимент учурундагы баалоолордун жыйынтыгы мазмундук жактан да, окутуу технологиялары жагынан да сапаттуулугун жана натыйжалуулугун ырастайт. Изилдөө ишинин тууралыгы эксперименттердин жыйынтыктары жана изилдөө иштеринин натыйжаларын ЖОЖдордо болочок мектепке чейинки педагогдорду процессинде колдонуунун ийгиликтүүлүгү менен аныкталат.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Изденүүчү Муратова Айнура Муратовнанын “Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары” аттуу темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет.

Авторефераттын орус жана англис тилиндеги резюмеси кыргызча мазмуну менен иденттүү талапка ылайык аткарылган.

**7. Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.**

Диссертациялык иштин натыйжалары боюнча 20 илимий макала (10 макала чет өлкөлүк басылмаларда), алардын ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан сунушталган мезгилдүү басма сөздөрдө жарыяланган макалалары, РИНЦ системалары аркылуу индекстелүүчү макалалары дагы бар. Автордун илимий-методикалык эмгектери изилдөөнүн негизинде формулировкаланган теориялык жоболорду ошондой эле практикалык рекомендацияларды толугу менен өз ичине камтыйт.

**8. Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта байкалган айрым мүчүлүштөр:**

Диссертациялык жумуштун айрым кемчиликтери катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:

1. Изилдөөнүн базасы катары И.Арабаев атындагы КМПУнун педагогика факультетинин мектепке чейинки билим берүү технологиясы кафедрасы көрсөтүлгөн (7-бетте). Арийне, биздин оюбузча эксперимент үчүн бул жетишсиз. Талапка ылайык эксперимент эки ЖОЖдо жүргүзүлүш керек болчу.
2. Диссертациянын 96-97-беттеринде эксперимент «Эстетикалык билим берүү (музыка)» курсунун негизинде жүргүзүлгөндүгү белгиленген. Бирок курстун тематикалык мазмуну жана кредити көрсөтүлгөн эмес. Ушундан улам суроо туулат, бир эле дисциплина аркылуу изилдөөнүн максатына жетүүгө

мүмкүнбү? Башка дисциплиналардын мазмунун да улуттук музыканын каражаттары менен байытса жакшы болмок.

3. Изденүүчү авторефератты даярдоодо эрежелерди толук сактабагандыгы байкалат (мисалы, изилдөөнүн базасы көрсөтүлгөн эмес).

4. Учурдун талабына ылайык бакалаврды даярдоо компетенттүүлүктөргө негизделгендиктен изилдентип жаткан маселе кандай компетенцияларды калыптандырууга ылайык экендигин көрсөтүп өтсө жакшы болмок. Тилекке каршы, изденүүчү бул маанилүү жагдайды көз жаздымда калтыргандай.

Албетте, аталган кемчиликтерди диссертациянын мазмундук чектерин тереңдетүү багытындагы сунуштар катары кабылдоого болот жана алар изилдөөнүн теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт. А.М.Муратованын кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган изилдөө катары кароого болот. Изилдөөнүн мазмуну жана андагы алынган жыйынтык жободогу көрсөтүлгөн критерийлерге толугу менен жооп берет.

Муратова Айнура Муратовнанын "Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары" аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарына ылайык келет. Ал эми изденүүчү А.М.Муратова 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

Пикир Ош мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын 2019-жылдын 5-мартындагы отурумунда (протокол № 7) талкууланып бекитилген.

**Ош мамлекеттик университетинин**
**педагогика кафедрасынын башчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты,**
**доцент** **Шадиев Н.С.**

АДИСТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ
УПРАВЛЕНИЕ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
2019 ж. «13» 03
Кадрлар башкармалыгынын начальниги Турдубаева Г.